КЫРГЫЗ ТИЛИ 6-КЛАСС ВАРИАНТ № 2

Аты-жөнү: _____
2020

№ 1. Туура ташымалданган сөздү белгилеңиз.
а) жаан-дуу б) саг-ындык
в) караг-ай г) ко-з-у

№ 2. жуун – берилген сөздүн сөз түркүмүн белгилеңиз.
а) тактооч б) этиш
в) зат атооч г) сын атооч

№ 3. *Касейин комузун коюп, үйгө кирди.* Белгиленген сөздүн жөндөмөсүн белгилеңиз.
а) барыш б) илик
в) атооч г) чыгыш

№ 4. Сүйлөмдөргө мүнөздүү кептин түрүн белгилеңиз.
Эмне үчүн мага жай айы жагат? Анткени, бул эң жылуу, кооз мезгил.
а) баяндоо б) ой жүгүртүү
в) сүрөттөө г) көркөм стиль

№ 5. «э» – кандай тыбыш?
а) ичке, кең, эринсиз, кыска үндүү
б) ичке, кууш, эринсиз, созулма
в) ичке, кууш, эринчил, кыска үндүү
г) жоон, кең, эринсиз үндүү

№ 6. «Жылуу» деген сөздөгү тамганын жана тыбыштын санын белгилеңиз.
а) 5 тамга, 4 тыбыш
б) 5 тамга, 5 тыбыш
в) 5 тамга, 6 тыбыш
г) 4 тамга, 5 тыбыш

№ 7. Каратма сөз катышкан сүйлөмдү белгилеңиз.
а) – Ой, бул сен белең?
б) Февраль айы аяктап, жаздын жыты келе баштады.
в) – Албетте, мен аны унуткан жокмун.
г) – Балдар, китебиңерди таза кармагыла.

№ 8. Берилген сөздүн өтмө мааниде колдонулушун белгилеңиз: *карагат*
а) карагаттын көчөтү
б) карагаттын вареньеси
в) бир түп карагат
г) карагат көз

№ 9. Сүйлөмдөгү кептин түрүн белгилеңиз. *Биз дем алыш күнү Чуңкурчак жайлоосуна бардык.*
а) баяндоо жана сүрөттөө б) ой жүгүртүү
в) баяндоо г) сүрөттөө

№ 10. Көмүскөдө калган сүйлөм ээсин белгилеңиз. *Биринчи ошону карап көрөлүчү?*
а) сен б) биз
в) алар г) сиздер